**Сагидаева Салтанат Ариповнанын "Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40–80-жылдар)" кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоосу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д.10.18.575 Диссертациялык кеңешинин өткөрүлгөн кезектеги отурумунун**

**№ 3 ПРОТОКОЛУ**

*Бишкек шаары* *16.06.2020*

**Катышкандар:**

1. Байгазиев Советбек Орозканович – диссертациялык кеңештин төрагасы, филология илимдеринин доктору, КР УИАнын академиги. Адистиги: 10.01.01; (жыйындын төрагасы);
2. Ыйсаева Нурзина Токторбековна – филология илимдеринин кандидаты – диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы. Адистиги: 10.01.01;
3. Джумагазиева Нуржан Курманбековна – филология илимдеринин кандидаты, доцент . Адистиги: 10.01.10;
4. Ибраимов Осмонакун Ибраимович – филология илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти. Адистиги: 10.01.03;
5. Искендерова Суусар - филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
6. Айтпаева Гульнара Амановна – филология илимдеринин доктору. 10.01.03;
7. Асанова Алтын Асановна – филология илимдеринин кандидаты. Адистиги: 10.01.10;
8. Кацев Александр Самуилович – филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.10;
9. Кадырманбетова Айнура Күмөновна – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
10. Мамбеталиев Кубан Ильязович – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
11. Орозобекова Жылдыз Калмашевна – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.09;
12. Тиллебаев Садык Аллаханович – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
13. Үкүбаева Лайли – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
14. Шисыр Исхар Сувазович – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.09.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **Алдын ала коргоо**.

1. Ж.Баласагын атындагы КУУнун изденүүчүсү **Сагидаева Салтанат Ариповнанын "Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)"** деген темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациясынын алдын ала коргоосу. Илимий жетекчиси: филология илимдеринин доктору, профессор Л.Укубаева. Эксперттик топтун курамы: ф.и.д. Г.Айтпаева, ф.и.д. К.Исаков, ф.и.к. А.Жантаев

**УГУЛДУ:**

Отурумдун төрагасы, филология илимдеринин доктору, профессор Байгазиев С.О ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды.

Диссертациянын темасы жана илимий жетекчисы (ф.и.д., профессор Л.Үкүбаева) Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Манастаануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасында бекитилген.

Ишти кароо үчүн төмөнкү **эксперттер** дайындалган:

Филология илимдеринин доктору Айтпаева Г.А;

Филология илимдеринин доктору Исаков К.А;

Филология илимдеринин кандидаты Жантаев А.

Изилдөө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Манастаануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасында аткарылды.

Отурумдун төрагасы, филология илимдеринин доктору, профессор Байгазиев С.О илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн диссертантка сөз берди.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, профессор С.Байгазиев:** Өзүңүздөр билгендей, ишке карата эксперттик топ бир топ сунуш-пикирлерди айтышкан. Ошонун негизинде диссертант бир топ айдан бери кайрадан карап, ишке кошумча-алымчаларды киргизген. Анан эми мына алып келип алдын-ала коргоого коюп жатабыз. Сөз диссертантта.

**Диссертациялык ишинин кыскача мазмуну жана илимий жыйынтыктары тууралуу диссертант Сагидаева Салтанат төмөндөгүлөрдү баяндады:**

**Сагидаева С.А.:** Урматтуу төрага, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү алдын-ала коргоого коюлуп жаткан диссертациябыздын темасы "Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40–80-жылдар)" деп аталат. Илимий жетекчи филология илимдеринин доктору, профессор Үкүбаева Лайли.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Адабияттын тарыхын изилдөө – адабият илиминдеги негизги маселелердин бири. Адабияттын тарыхы так жазылмайынча, көркөм сөз өнөрүнүн пайда болуу, өнүгүү процессин толук көз алдыга келтире албайбыз.

Кыргыз адабиятынын көптөгөн проблемаларын, асыресе анын тарыхын изилдөө иши XX кылымдын кыркынчы жылдарынан тартып системалуу түрдө колго алына баштаган. Ал эми кыргыз адабияты жаралган алгачкы мезгил, т.а 20-30 жылдардагы адабий процесс тууралуу алгач обзордук макалалар жарык көргөн. Бул ишке алгач аралашып, адабият майданындагы жаңылыктарды, ийгиликтерди биринчилерден болуп кыргыз журтчулугуна тааныштырууга аракет кылган акын-жазуучуларыбыздын макалалары: А.Токомбаев "Тунгуч сеъездге карата" [Текст] // Кыргыз кеңеш адабияты. – 1934; – №2; К. Рахматуллин Улут адабиятынын гүлдөшү, [Текст] // "Советская Киргизия", 6-июнь, – 1936; М. Элебаев Жаш жазуучулар тууралу [Текст] // "Ленинчил жаш", 10-март, – 1938; Т.Үмөталиев."Кыргыз адабиятынын өсүшү" [Текст] // "Кызыл Кыргызстан", – 1939, – 11- март; Ө Жакишев – "Советтик адабият жана искусство", –1941, №1-2; адабиятыбыздын тарыхын изилөөдөгү алгачкы карлыгачтар болушкан.

Кыргыз адабиятынын тарыхын атайын изилдөөнү максат кылган эмгектер 1940-жылдардан кийин жазыла баштаган. Алар: "Кыргыз адабиятынын очерктери" [Текст] / – Фрунзе: Кыргызмамбас, –1943. – 279- б; М. И. Богданова Киргизская литература [Текст] / М.: Сов. писатель, –1947. – С. 289; Б. Керимжанова "Кыргыз совет адабияты XXV жылда" [Текст] / – Фрунзе.: Кыргызмамбас, –1951. – 179 б.

Бул багыттагы иштер 60-80-жылдарда андан ары уланган, натыйжада "Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки" [Текст] – Фрунзе,: Кыргызокуупедмамбас,–1960.– 511 б; "История киргизской советской литературы" [Текст]– М.: Наука, –1970. – С. 540 аталыштагы эмгектер жарык көргөн. Жогорудагы аталган эмгектер адабий фактылары камтуу, жалпылоо, изилдөө деңгээлдери боюнча негизинен өз мезгилинин талаптарына жооп берген деп айтсак болот. Албетте, улуттук адабиятыбыздын тарыхынын байып,

жанрдык-стилдик жактан көп түрдүүлөнүп, профессионалдык деңгээлинин көтөрүлүүгө багыт алышы, аталган эмгектердин жаралышына түрткү болгон десек болот.

XX кылымдын 60-жылдарында илимде илимий-теориялык даярдыктары бар адис окумуштуулардын көбөйүшү менен улуттук адабияттын тарыхын изилдөө маселеси дагы активдешкендиги байкалат. Ушундан улам жеке авторлор тарабынан кыргыз адабиятынын жаралыш жана өнүгүш тарыхын, адабий жанрлардын өнүгүү эволюциясын, адабияттын теориялык маселелерин изилдеген көптөгөн окумуштуулардын илимий эмгектери, монографиялары жазылды: К. Асаналиев, А. Садыков, К. Артыкбаев, М. Борбугулов, К. Бобулов, Б. Маленов, Е. Озмитель, С. Жигитов, Ш.Үмөталиев, Т. Аскаров, К. Укаев ж.б. эмгектери.

XX кылымдын 80-жылдары адабиятчы К. Артыкбаевдин ЖОЖдордун студенттери үчүн жазылган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982) окуу китеби жарык көрдү. Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынан авторлор жамааты тарабынан даярдалып эки томдон турган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1987,1990) жарык көрдү. Демек ушул материалдардан көрүнүп тургандай, кыргыз профессионал адабияттын жаралуу, калыптануу, өнүгүү тарыхына арналган эмгектер көп, бирок алар бүгүнкү күнгө чейин атайын системалуу түрдө концептуалдуу иликтенбей келет. Азыркы учурда коомдук-тарыхый шарттардын өзгөрүүсү менен адабий-эстетикалык критерийлер да өзгөрдү. Ошондон улам адабияттын тарыхына байланыштуу жазылган эмгектерди кайрадан көздөн кечирип,бүгүнкү күндөгү адабият таануу илиминин жетишкендиктерин эске алуу менен аларды ар тарап иликтөөгө алып, аларга объективдүү баа берүү учурдагы адабият илиминин актуалдуу маселеси болуп турат.

**Изилдөөнүн максаты** – XX кылымдын 40–80-жылдары аралыгындагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналган илимий эмгектерди:

1. Системалаштыруу жана алардын илимий-теориялык деңгээлдерине анализ жасоо;
2. Ал эмгектерде сөз болгон адабий-чыгармалардын көркөм-эстетикалык сапаттарына карата айтылган пикирлерге сереп салуу.
3. Конкреттүү анализ жүргүзүүнүн негизинде ал эмгектердин адабиятыбыздын тарыхын изилдөөдөгү ордуна, жалпы эле улуттук адабият таануу илимибизге кошкон салымына баа берүү.

Бул максаттарды ишке ашырууда төмөнкү **милдеттер** коюлду:

1. Улуттук адабият таануу илимибизде 1920–30-жылдарда профессионал адабиятыбыздын жаралуу, калыптануу, өнүгүү жолдоруна арналган алгачкы аракеттерге илимий экскурс жасоо;
2. 1940–50-жылдар аралыгындагы кыргыз адабиятынын тарыхын системага салып изилдөөгө арналган эмгектерди изилдеп, алардын илимий-теориялык деңгээлдерине, изилдөөдө принциптерине байкоо жүргүзүү;
3. 1960–70-жылдар аралыгында жарык көргөн кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча эмгектерди өз ара салыштырып алардагы жаңычылыктарды, ийгиликтерди белгилеп мүчүлүштүктөрүн аныктоо;

Кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча жазылган окуу китептерин иликтеп, аларга объективдүү баа берүү, аларды өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды киргизүү.

**Изилдөөнүн милдеттери** диссертацияда алдыга коюлган максат менен шартталган да, төмөнкүлөрдөн турат:

1. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын адабият таанууда жана танапташ илимдерде изилденүү абалына сереп жасоо;
2. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын баалуулуктук аспектте изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты боло аларын негиздөө;
3. Изилдөөнүн объектиси менен предметин баяндоо;
4. Изилдөөнүн методологиясын жана методдорун сыпаттоо;
5. Изилдөөнүн материалдарын талдоого алуу;

6. Аталган романдардын көркөмдүк-аксиологиялык мазмунун, терең дөөлөттүк табиятын ачуу;

7. Ар бир романдын борбордук кейипкерлеринин аксиологиялык өнүгүү динамикасын талдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Эмгектин жаңылыгы кыргыз адабияттaануу илиминде алгач ирет: 1) 1940–1980-жылдары жарык көргөн кыргыз профессионал адабиятынын тарыхына арналган эмгектер системалаштырылды жана алардагы адабияттын өнүгүү жолундагы оош-кыйыштыктарына, тенденцияларына карата айтылган пикирлерге анализ жасалды. Экинчиден, ал эмгектердин илимий-теориялык деңгээлдерин өз ара салыштыруу менен эмгектер ар тараптуу анализге алынды. Алардын улуттук адабият тануу илиминин тарыхындагы орду белгиленип, аларга бүгүнкү күндүн илимий-эстетикалык жетишкендиктеринин көз карашынан баа берилди, илимий корутундулар чыгарылды. Айтылгандардын дээрлик баарысы кыргыз адабият таануусунда биринчи жолу жүзөгө ашырылгандыгы менен **изилдөөнүн жаңычылдыгы** аныкталат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. 1940–1950-жылдар аралыгында кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналган алгачкы эмгектер структурасы жагынан кыйла жупуну болгон жана аларда профессионал адабият элдик оозеки чыгармалар менен бирдикте каралган;
2. Алгачкы адабият тарыхчылары К.Рахматуллин, М.Богданова, Т.Саманчин жана Б.Керимжановалар болушкан жана алардын жазган «тарыхтарынын» илимий-теориялык деңгээли, фактылык материалдарга мамилелери бирдей болбогон;
3. 1960 – 1970-жылдарда улуттук адабияттаануу илими кыйла өнүккөн, ошого байланыштуу тарыхты изилдөөнүн илимий деңгээли кыйла көтөрүлгөн, «тарых» атайын адистиги, даярдыгы бар профессионал адабиятчылар тарабынан жазыла баштаган;
4. Акын-жазуучулардын чыгармачылык портреттерин изилдөөгө алган 1960-1970-жылдарда жазылган монографиялардын адабияттын тарыхын жазуу ишинде ролу, мааниси зор болгон;
5. XX кылымдын 70 – 80-жылдарында кыргыз адабиятынын тарыхын окуп - үйрөнүүнүн жаңы форматы жаралган (орто жана ЖОЖдор үчүн окуу китептери) жана мындай багыт кийин өнүгүүгө багытталган.

**Диссертациянын түзүлүшү** киришүүдөн, үч главадан жана алардан келип чыккан жыйынтыктардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемеден турат. Илимий иштин көлөмү 157 бет.

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери илимий жаңылыгы, практикалык колдонулушу, коргоого коюлуучу негизги жоболору, изденүүчүнүн жекече салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы чагылдырылды.

**Диссертациянын биринчи бабы «Проблеманын изилдениш тарыхы (адабияттарга обзор)» деп аталат.** Бул бөлүмдө кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн адабияттаануу илиминде колго алынышы жана изилдениши тууралуу обзор болот.

Бизде азыркы мезгилге чейин эле изилдөө иштерибиз адабий-көркөм процесстин тигил же бул актуалдуу проблемаларына, адабий чыгармаларга, алардын акын-жазуучулардын чыгармачылыгы жөнүндө жазылып, ал эми ошолорду изилдеп, тактап ирээтке келтирип жазылып, илимий талдоолордун негизинде жалпы журтка жеткирген адабияттын тарыхын изилдеген эмгектер иликтөөнүн назарына алынбай келүүдө.

Чындыгында, мына ушул проблемалуу маселени колго алып кыргыз адабиятынын пайда болгон алгачкы мезгилинен баштап сексенинчи жылга чейин жазылгын «тарыхтарды» талдап, аларга баа берүү маселеси бүгүнкү күнгө чейин өзгөчө колго алынбай, тыкыр изилденбей келгендиги жана саналуу гана эмгектердин жазылгандыгын байкадык. Мына ошол жазылган эмгектерди изилдеген илимий изилдөөлөр биздин изилдөөбүздүн негизги булагы болуп берет.

Аталган биринчи бапта 20-30-жылдарда пайда болгон кыргыз профессионал адабиятынын жаралыш, калыптануу жана өнүгүү тарыхын алгач илимий негизде иликтеген обзордук, сыпаттама макалалар болгон. Алгачкы проза, поэзия, драматургия жанрынын жаралыш тарыхын илимий негизде иликтөөгө алган жана ошол мезгилдеги акын-жазуучулардын алгачкы чыгармаларын анализдеген обзордук макалалар кыргыз профессионал адабияттынын тарыхын жазууда негизги булак болуп, кыргыз адабиятынын тунгуч башталышы катары тарыхый-маданий мааниге ээ болгон. Алгачкы жазылган макалалардын таасиринде кыргыз совет адабиятынын тарыхын жазуу маселеси келип чыккан.

Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдө алгачкы кадамдарын таштаган: А.Токомбаевдин «Тунгуч съездге карата» (1934-ж), Т.Үмөталиевдин «Кыргыз адабиятынын өсүшү» (1939-ж), Ө.Жакишевдин «Кыргызстандын адабияты жана искусствосу» (1941) илимий сыпаттама макалаларында чагылдырылып ошол мезгилдеги кыргыз адабиятында кадам таштаган алгачкы акын-жазуучуларыбыздын ийгилик , кемчилдиктерин илимий талдоого аракет кылышкан. Бул изилдөөчүлөр адабиятыбыздын тарыхын изилөөдөгү алгачкы карлыгачтар болушкан.

Кыргыз совет адабиятынын кыска тарыхын илимий негизде колго алынып иликтөө аракети 30-40-жылдары башталган. 1943-жылы автордук коллектив тарабынан жазылган «Кыргыз адабиятынын очерктери», М. Богданованын 1947-жылы Москвада чыккан «Киргизская литература», Б. Керимжанованын «Кыргыз совет адабияты XXV жылда» (1951-жыл), ,“Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки” [Текст] – Фрунзе,: Кыргызокуупедмамбас,–1960.–511 б; “История киргизской советской литературы” [Текст]– М.: Наука, –1970, К. Артыкбаевдин ЖОЖдордун студенттери үчүн жазылган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982) окуу китеби, Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынан авторлор жамааты тарабынан даярдалып эки томдон турган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1987,1990) аттуу эмгектерде кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүшүү этаптарын иликтөөгө арналган. Бул илимий изилдөөлөргө чейин К. Рахматуллиндин, М. Богданованын Б. Керимжановалардын макалаларында жана илимий очерктеринде кыргыз адабиятынын алгачкы ийгиликтери менен кемчилдиктери иликтенсе да өз мезгилинде бул изилдөөчүлөрдүн эмгектери учурунда изилдөөнүн предмети боло алган эмес. Азыркы мезгилде кыргыз адабият таануу илиминде алгачкы кыргыз профессионал адабиятынын тарыхын изилдөөгө алган жеке автордордун эмгектери тууралуу кандидаттык диссертациялар корголуп, монографиялар жарыкка чыккан: С.Кармышаков “К. Артыкбаевдин илимий-сынчылык ишмердиги” (2001), Ж. Т. Кожомбердиева “М. И. Богданова-кыргыз адабиятынын изилдөөчүсү” (2013), Г. К. Устабаева “ К. Артыкбаевдин адабий-сынчылык чеберчилиги” (2013), М. К.Усупова “К.Рахматуллин-Манас изилдөөчү” (2018) деген темаларда жазылган. Бул эмгектерде аталган изилдөөчүлөрдүн кыргыз адабиятынын тарыхын жазуудагы ийгиликтери баса көрсөтүп иликтенген.

Көрүнүктүү сынчы, адабиятчы С.Жигитовдун “20-жылдардагы кыргыз адабияты” [Текст] / – Фрунзе.: Илим, –1984. – 158 б.] монографиялык эмгеги өз мезгилине баалуу пикирлерди жаратгандыгы менен айырмаланып турат. Бул эмгек 20-жылдардагы кыргыз совет адабиятынын өнүгүү этаптарын изилдеген алгачкы фундаменталдуу изилдөө болуп саналат Бул илимий эмгекте 1-кыргыз совет адабиятынын жаралыш шарттары, 2-ошол мезгилде жарык көргөн проза, жана драматургия жанрынын илимий-теориялык, тематикалык багыттарын аныктап, алардын жаралыш шарттарын, жанрдык жактан пайда болуу тарыхын, тактап айтканда 20-жылдардагы кыргыз совет адабиятынын тарыхын системага салып изилдөөгө алган алгачкы эмек.

Адабияттын тарыхын изилдеген окуу китептери боюнча илимий изилдөөлөр биздин коңшу өлкөлөрдүн ичинен казак адабияты жана орус адабиятында изилденип келүүдө. Казакстанда студенттер үчүн окуу куралы катары жазылган “Казак совет адабиятынын тарыхы” М.Каратаев, Т.Нуртазин, С.Кирбабаевтер тарабынан жазылып

бүгүнкү күндө окулуп келүүдө. Өзбек, түркмөн, тажик адабияты тууралуу жазылган окуу китептери 80-жылдарга чейин жазылган эмес. Бул эмгектердин кандай деңгээлде жазылгандыгы тууралуу изилдөө эмгектер жок. Азыркы мезгилде орус адабиятында бул маселеге өзгөчө көңүл бурулуп, этаптар боюнча атайын лекциялар окулуп, жаңыча багыттагы иштер колго алынган.

40-80-жылдарда кыргыз адабиятынын тарыхын бөлөк элдердин тарыхына салыштырып караганда ийгиликтүү иштер жазылып адабияттын тарыхы жогорку деңгээлде изилденген. Өзгөчө 60-70-80-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча жазылган эмгектердин илимий деңгээлинин бийиктиги жогору. Кемчилдиги жок иш болбойт дегендей тактала турган жактары баптарды жазып жаткан учурунда такталды.

**I бап боюнча кыскача корутунду.**

Жыйынтыктап айтканда XX кылымдын 20-30-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхынын жазылышына алгачкы обзордук макалалардын таасири тийген. Ал сыпаттама, баяндама мүнөзүндөгү макалалары менен А.Токомбаев, Т.Үмөталиев, Ө.Жакишев адабиятыбыздын тарыхын изилөөдөгү алгачкы карлыгачтар болушкан. Мына ушул макалалардын таасиринде 1943-жылы автордук коллектив жазган «Кыргыз адабиятынын очерктери» жарык көрөт. Ал эми профессионал адабияттын тарыхын б.а. III бөлүмдү белгилүү адабиятчы Калим Рахматуллин жазган. «Кыргыз совет адабияты» бөлүмү биздин көз карашыбызда – өз учуру үчүн бараандуу изилдөөлөрдүн бири. К. Рахматуллиндин М.Богдакованын жазган «тарыхынын» кыргыз адабиятынын тарыхын окуп, үйрөнүүдөгү баалуулугу анын кыргыз адабият таануу илиминдеги бул багыттагы алгачкы эмгек болгондугунда эле эмес, ошол XX кылымдын 20 – 30-жылдары жазма адабиятыбыздагы алгачкы чыгармалардын алгачкы варианттарын илимий көз караштан өткөрүлүп, алар боюнча саамалык пикирлердин жаралышы кыргыз профессионал адабиятынын тарыхында табылгыс баалуу маалымат экендигин баса белгилейбиз.

**Диссертациянын экинчи бабы «XX кылымдын 40-50-жылдарындагы кыргыз профессионал адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү алгачкы аракеттер** деп аталып, **2.1** Обзордук, баяндамалык макалалардан очерктик изилдөөгө карай: улут адабиятынын тарыхын түзүүдөгү жетекке алынган алгачкы багыт жана методологиялык принциптер. **2.2** «М. Богданова менен Б. Керимжанованын кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү аракеттери» деп аталган параграфтардан турат**. КР ЖАК кабыл алган «Диссертацияны жана авторефератты тариздөө боюнча нускамада»** илимий изилдөөнүн 2-бабында анын материалын жана усулдарын сыпатоо сунушталат. Негизги материал катары изилдөөнүн объектиси жана предметин карап чыгуу зарылдыгы белгиленет.

Ошол себептен **изилдөөнүн объектиси:** XX кылымдын 40-80-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналган эмгектер ал эми **изилдөөнүн предмети:** Аталган мезгилде жазылган кыргыз адабиятынын тарыхына арналган эмгектерге анализ жасоо, алардын ийгилик кемчилдиктерин аныктоо жана улуттук адабият таануу илиминин тарыхындагы ролу, маанисин белгилөө.

**Изилдөөдө колдонулган методдор:** Иште тарыхый-обзордук, илимий-аналитикалык, диахрондук жана синхрондук аспектиде тарыхый-типологиялык салыштыруу, анализ жана синтез ыкмалары колдонулду.

**2.1.«Обзордук, баяндамалык макалалардан очерктик изилдөөгө карай: улут адабиятынын тарыхын түзүүдөгү жетекке алынган алгачкы багыт жана методологиялык принциптер.** Бул бөлүмчөдө кыргыз адабиятынын жаралышынын алгачкы учурундагы жаңылыктарды, ийгиликтерди биринчилерден болуп кыргыз журтчулугуна тааныштырууга аракет кылган акын-жазуучуларыбыздын макалалары: А.Токомбаевдин «Тунгуч съездге карата» (1934-ж), Т.Үмөталиевдин «Кыргыз адабиятынын өсүшү» (1939-ж), Ө.Жакишевдин «Кыргызстандын адабияты жана искусствосу» (1941) аталышындагы макалалары тууралуу сөз болот. Алар биздин оюбузча кыргыз адабиятынын тарыхын алгач иликтөөгө алган сыпаттама мүнөзүнө ээ обзордук макалалар болгон. Бирок ошондой болсо да алар улуттук адабияттын тарыхын кененирээк

изилдеп жазууга жерпай болгон туңгуч маанилүү эмгектер эле. Бул макалаларда кыргыз жазма адабиятынын калыптануу тарыхына арналып жазылган жана төмөндөгү маселелерди камтыган: 1.“Революциянын биринчи жылдарындагы адабият”;

2. “Жер-суу төңкөрүшү жана адабияттагы агымдар”, 3.“Кеңеш адабиятынын жеңиши” деп бөлүштүрүп, 1924–34- жылдар кыргыз жазма адабияты үчүн эң кыйын, курч драмалуу кезендерден болгондугун белгилеген. Кыргыз жазма адабияты тамтуң баскан эң алгачкы мезгили 1918-1924-жылдары болгондугун тактап айтканда, К. Тыныстанов, О. Лепесов, С. Карачев сындуу төңкөрүшкө чейин эле сабаты ачылган кыргыз интеллигенттеринин алгачкы мууну саясий маселелерде эле эмес, адабий аренада да абдан активдүүлүктөрүн көрсөтүшкөндүгү жөнүндө маалыматтар берилген.

1943-жылы автордук коллектив тарабынан «Кыргыз адабиятынын очерктери» жарык көрөт. Ал эми профессионал адабияттын тарыхын б.а. III бөлүмдү белгилүү адабиятчы Калим Рахматуллин жазган. Эмгектин I, II бөлүмдөрү кыргыз фольклоруна, элдик поэмаларга, колониялык доордогу адабиятка, арналган. (Бул бөлүмдүн материалдары биздин изилдөөбүздүн предмети болбогондуктан, иште алар боюнча сөз болгону жок – С.С).

«Кыргыз адабиятынын очерктеринде» камтылган жазма профессионал адабиятыбыздын жаралыш, калыптаныш, өнүгүш процессинин автору К.Рахматуллин III бөлүмдө кыргыз адабиятынын өнүгүшүнүн негизги маселелерине, ошондой эле ошол кездеги адабий процесстин алгачкы өкүлдөрү А.Токомбаев, М.Токобаев, К.Баялинов, Т. Сыдыкбеков, Ж.Турусбеков, К. Маликов, Ж. Бөкөмбаев, К. Жантөшев, М. Элебаев сыяктуу акын -жазуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүп аларды анализге алган. Кыргыз адабиятынын тарыхын төмөндөгүдөй подтемаларга бөлүп караган:

1. «Адабият майданындагы тап күрөшү», 2. «Жазуучулар уюму», 3. «Творчество маселелери», 4.«Ата Мекендик согушка арналган адабият».

К.Рахматуллин кыргыз профессионал адабиятынын пайда болушуна жана өсүшүнө таасирин тийгизген социалдык, маданий факторлорду жогорудагыдай подтемаларга бөлүп туура белгилеген.

А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романын К.Рахматуллин бир канча багытка бөлүп караган. Алгач «романдын формасы жана сюжети» чечмеленген. Жанрдык аныкталышы жагынан «роман кыргыз элинин 1916-жылдагы падышага каршы көтөрүлүшүнө арналган социалдык-тарыхый чыгарма» экенин адабиятчы атайын баса көрсөтөт. Андан ары карай автордун романды жазуудагы башкы максаты – «кыргынды», «кандуу жашты» элестетүү, мына ошон үчүн «окуялардын ушу жагына көбүрөөк токтолот», токтогондо да «кыргындын» сүрөтүн натуралисттерче так кылып, майда-чүйдөсүнө чейин калтырбай көрсөтөт» деген пикирин айтат [Кыргыз адабиятынын очерктери, [Текст] : – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1943. –207-б.]. Биздин оюбузча, адабиятчынын акынга койгон дооматы негизсиз. Себеби, уюштуруусу начар болуп, бирдиктүү башкаруунун жоктугунан жана начар куралдангандыктан улам көтөрүлүш ырайымсыздык менен басылып, кыргыз эли массалык кырылып-жоюлуу тагдырына туштукканы – тарых чындыгы. Андыктан, Аалы Токомбаев өз элинин чыныгы патриот уулу, реалист сүрөткери катары болгон ачуу чындыкты өз чыгармасында жымсалдоого, бурмалоолорго жол бере албак эмес. Ал эми карапайым эл ичинен чыккан азамат уулдардын теңсиз күрөштө көрсөткөн баатырдыктары, каарман иштери романда Алымкул, Жунуштардын образдарында жетиштүү эле берилген.

К. Рахматуллин М. Элебаевдин поэзиясына учкай токтолуп, анын «Зарыгам», «Жүрөк жанат» аттуу ырларын талдоого алган. Негизги басымды прозадагы «Узак жол» – Мукайдын ысмын адабият тарыхына калтырган негизги чыгармасы экендигине койгон, романда кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнө чейинки, көтөрүлүш учурундагы, Кытай жериндеги көргөн кордуктары, азаптуу тагдыры бир үй-бүлөнүн мисалында ачылып берилет деп туура жыйынтык чыгарган. К. Рахматуллин

чыгармага повесть деген жанрдык аныктама берген алгачкы адабиятчы. Мындай аныктама дээрлик 1960-жылдарга чейин жашады десек болот. Ал эми 1960 – 1970-жылдары «Узак жолду» адабиятчы-окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү тарабынан роман деп таанышды. Мисалы, адабиятчылар К.Маликов, Т.Үмөталиев, Б.Маленов, К.Артыкбаев ж.б. (К.Асаналиев, Б.Керимжанова, К.Иманалиев, К.Бобулов повест деп эсептешет). “Узак жолду” биз роман дээр элек анткени, романдын бүтпөй калган экинчи уландысы бар эле.

К. Баялиновдун «Ажар» повестин талдоодо чыгарманын көркөмдүк өзгөчөлүгүн экинчи планга калтырып. К. Баялинов ошол мезгилдин картинасын, таптык мамилени, кедей менен манаптардын, уйгур, дунган ж.б. улуттар ичиндеги мамилени ачык чагылдырып берген деп белгилеши – изилдөөчүнүн ийгилиги. «Айсулуу»– Т.Үмөталиевдин, дегеле 30-жылдардагы жаш кыргыз профессионал поэзиясындагы мыкты делген поэмаларынын бири. Поэма К. Рахматуллинге да жакса керек, сын пикирин жетишкен ийгиликтерин бирден тизмелөө менен баштайт. Ошол эле учурда жалаң мактоо менен чектелип калбай, поэманын айрым кемчиликтерин да көрсөтөт. «Ата Мекендик согушка арналган адабият» аттуу бөлүм обзордук маалымат түрүндө жазылган. Мында изилдөөчү уруштун алгачкы эки жылы ичинде жазылган ыр, поэма, очерк, аңгеме жана пьесалардын өзгөчөлүгү, нарк-насили туурасында учкай болсо да жекече пикир айтуу аракетинде болгон. Көбүнчө чакырык, үндөө, баатырлардын баатырдык элестерин баяндаган акын-жазуучулардын чыгармаларына маалымат гана берип аларды терең талдоого алган эмес. Тактап айтканда, акын-жазуучулардын чыгармаларын гана санап өткөн.

Тактап айтканда, кыргыз адабиятынын тарыхынын жазылышына алгачкы обзордук макалалардын таасири тийген. К.Рахматуллин тарабынан иликтенген “Кыргыз совет адабияты” бөлүмү биздин көз карашыбызда – өз учуру үчүн бараандуу изилдөөлөрдүн бири. К. Рахматуллиндин жазган “тарыхынын” кыргыз адабиятынын тарыхын окуп, үйрөнүүдөгү баалуулугу анын кыргыз адабият таануу илиминдеги бул багыттагы алгачкы эмгек болгондугунда эмес, ошол XX кылымдын 30-40-жылдары жазма адабиятыбыздагы алгачкы чыгармалардын адепки варианттары илимий көз караштан өткөрүлүп, алар боюнча саамалык пикирлердин жаралышынын тарыхына серп салууда табылгыс булак катары да кызмат кылгандыгында.

**2.2 «М. Богданова менен Б. Керимжанованын кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү аракеттери» деп аталган экинчи параграфта**

М. Богданованын 1947-жылы Москвада чыккан «Киргизская литература» аттуу эмгеги – 1943-жылдагы «Кыргыз адабиятынын очерктеринен» кийинки кыргыз адабиятынын байыркыдан берки тарыхын толук чагылдырууга болгон экинчи аракет экени белгиленди.

Эмгек кыргыз адабиятынын тарыхый очеркин жазуудагы өзүнө чейинки саамалык аракеттерди жалпылоо, айрым мүчүлүштүктөрдөн арылтуу, андан да кем эмес маанилүү жагы, кыргыз адабиятын жалпы союздук, ал гана эмес дүйнөлүк масштабда таанытуу зарылдыгынан жазылган.

Улуттук жазма адабиятыбыздын адепки пайда болуш процесси «Кыргыз жазма адабиятынын жаралышы жана гүлдөп өнүгүшү» деген аталыштагы бөлүмдө чечмеленген. 1937–1938-жылдардагы репрессиянын таасириби, китепте жазма адабиятыбыздын Октябрь төңкөрүшүнөн кийинки алгачкы жети жыл ичиндеги көркөм-чыгармачылык тажрыйбалары тууралуу эч сөз айтылган эмес. Профессионал адабиятыбыздын жаралышын 1924-жылдын 7-ноябрынан баштаган М.Богданова «тарыхты» жазган мезгилде кандайдыр бир даражада чындык катары кабыл алынып калган эле. Ал дагы ушул фактыга негизденип, А.Токомбаевдин «Октябрдын келген кези» аттуу ырынын чыгышы менен кыргыз совет жазма адабиятынын тарыхы башталат деп белгилейт. М.Богданова кыргызчага которулган бир катар чыгармаларды санап өтүп, кыргыз

профессионал адабияттын өнүгүшүнө котормонун ролу зор экендигин М.Богданова эмгегинде 1-жолу жеткиликтүү ачып бере алган.

**II бап боюнча кыскача корутунду.**

Жыйынтыктап айтканда XX кылымдын 40 – 50-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхын изилдеген алгачкы илимий эмгектердеги кыргыз адабиятынын өнүгүш тенденцияларына, калыптануу жолундагы оош-кыйыштарына карата берилген баалар, илимий талдоолор, биринчи жолу ошол кездеги адабий процесстин негизги «авторлору» болгон Аалы Токомбаев, Молдогазы Токобаев, Касымалы Баялинов, Түгөлбай Сыдыкбеков, Жусуп Турусбеков, Кубанычбек Маликов, Жоомарт Бөкөнбаев, Касымалы Жантөшов, Мукай Элебаев сыяктуу акын-жазуучулардын чыгармаларынын фактылык материалдарынын негизинде жүргүзүлгөн. Адабияттын алгачкы изилдөөчүлөрү К. Рахматуллинден кийин кыргыз адабиятын орус тилдүү окурмандарга жеткизүү максатында, М. Богданованын 1947-жылы Москвадан чыккан «Киргизская литература» аттуу эмгегинин маанилүү жагы, кыргыз адабиятын жалпы союздук, ал гана эмес дүйнөлүк масштабда таанытуу зарылдыгынан жазылгандыгында жана Б. Керимжановалар канчалык даражада Советтик идеологиянын алкагында болушпасын алардын изилдөөлөрү өз мезгилинде кыйла даражадагы маданий, илимий-теориялык даярдыгы бар, таланттуу адабиятчылар экендигинен кабар берет. Жогоруда, биз токтолуп өткөн эмгектерде кыргыз профессионал адабияттын өнүгүүсүнүн алгачкы этабынын картинасы түзүлүп, айрым бир мүчүлүштүктөрүнө карабастан кыргыз адабиятынын «тарыхынын» алгачкы кирпичтери коюлган десек болот. Азыркы мезгилде да кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдө бул эмгектердин тарыхый мааниси зор экени талашсыз чындык.

**Диссертациянын үчүнчү бабы "Кыргыз адабиятынын тарыхын илимий негизде изилдөөнүн 60-70-жылдардагы өнүгүшү: Көп тармактуулук жана концептуалдуулук" деп аталып,** 3.1 60–70-жылдарындагы адабий процессти изилдөөдөгү оң, терс көрүнүштөр, 3.2 «Кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде берилишин» деп аталат.

Мында алгач адабий процесстин негизги багыттарынын 60-70-жылдардагы илимий изилдөөлөрдөгү обзордук иликтөөлөрдө чагылдыруу маселелери каралды. Андан кийин кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде портреттик бөлүмдөрдүн жалпылыктары жана айырмачылыктары тууралуу маалыматтар берилет.

**3.1 60–70-жылдарындагы адабий процессти изилдөөдөгү оң, терс көрүнүштөр.**

XX кылымдын 60 – 70-жылдары – улуттук адабият таануу илимибизде адабияттын тарыхы иликтенип, реалдуу картинасы даана тартылып, илимий-теориялык алкакта анализге алынып, анын ийгилиги жана мүчүлүштүктөрү айкындалып калган учур. Бул жылдары А. Садыковдун «А. Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлук» (1962), К. Рысалиевдин «Кыргыз ырларынын түзүлүшү» (1965), Б. Ашымбаевдин «Чыңгыз Айтматов» (1965), А.Садыковдун «Кыргыз совет адабиятындагы улуттук жана интернационалдык проблемасы» (1969), К. Бобуловдун «Пути развития реализма в киргизской прозе» (1969), М.Тойбаевдин «Время, человек, драма» (1970) ж.б.бир катар фундаменталдуу изилдөөлөр жарык көрөт.Кыргыз адабиятынын тарыхын фундаменталдуу негизде иликтеп чыгууга болгон олуттуу аракет автордук жамаат (Б. Керимжанова, Ж.Таштемиров, К. Асаналиев, З. Мамытбеков ж.б.) тарабынан 50-жылдардын экинчи жарымында жасалып, анын натыйжасы 1960-жылы жарык көргөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки» аттуу эмгектен көрүндү. «Очерк» китептин түзүмү советтик адабият илиминде жана адабият боюнча окуу китептеринде бекемделип калган салтты улантат; ал киришүүдөн, кыргыз совет адабиятынын өнүгүш этаптарына арналган төрт обзордук баптан турат:

1. Кыргыз совет адабиятынын өсүшүнүн алгачкы мезгили (1917–1929-жылдар) : Поэзия; Драматургия
2. Кыргыз совет адабияты согушка чейинки беш жылдыктар мезгилинде (1930–1940 жылдар) : Проза; Драматургия; Поэзия.

3.Кыргыз совет адабияты Улуу Ата Мекендик Согуш мезгилинде (1941–1945-жылдар). Поэзия; Драматругия; Проза;

4. Кыргыз совет адабияты согуштан кийинки мезгилде: Поэзия; Проза; Драматругия; Балдар адабияты; Адабий сын.

“Очеркте” акындарыбыз Т. Сатылганов менен Т. Молдонун өмүрү чыгармачылыгы, ошол мезгилде белгилүү 10 акын-жазуучунун өмүр жолун, чыгармачылыгын сыпаттаган портреттик бөлүмдөрдөн жана корутундудан турат. Киришүүдө кыргыз совет адабиятынын жаралышы жана калыптанышы, кыргыз адабият таануу илиминдеги жетишкендиктери тууралуу сөз болот. «Очерктеги» негизги кемчиликтердин бири авторлордун жыйынтыктуу, баарын жалпылай ала турган корутундуларды, кыргыз адабиятынын өнүгүү этаптарын чагылдырган мезгилдештирүү принцибинин туура эмес бергендиги себеп болгон. Көпчүлүк учурда чыгармалардагы майда кемчиликтерге көбүрөөк токтолуп, чыгарманын сюжетин кайта айтып берүүгө кызыгып кеткен учурлар байкалат.

Кыргыз совет адабиятындагы тематикалык жагынан эң эле бай этаптардын бири согуштан кийинки адабият жөнүндөгү главаны Ж.Таштемиров жазган. Бул этап өзгөчө маанилүү жана ошол кезде али жыйынтыкталып бүтө элек болгондуктан, ага көбүрөөк көңүл бөлүнүшү керек эле. Бирок эмнегедир башка главаларга караганда ушул мезгилдеги адабиятка аз орун берилген. Ошондой эле прозага арналган обзордук бөлүм 1950-жылдарга чейинки жазылган прозалык чыгармаларды талдоолор болгону 2 гана бетке батырылып эч кандай илимий талдоо, баа берүүлөр болгон эмес. Ал эми кыргыз совет драматургиясы так ушул мезгилде калыптанып, өнүгө баштаганы белгилүү. Бул тууралуу окумуштуу-адабиятчы К. Артыкбаев мындай деп жазат: «Отузунчу жылдарда жана Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде көрүнүктүү драмалык чыгармалар кыргыз адабиятында бирин-экиндеп гана саналса, 50-жылдарда ал сан жана сапат жагынан да кескин арбыды» [Артыкбаев, К. Зарыл тактоолор [Текст] / К. Артыкбаев. Акыйкат сабагы. // –Бишкек , 1991. –276-б.] мына ушул көз караштан алганда драмалык чыгармалар талдоону талап кылат эле. Бул мезгилде жазылган драмалык чыгармалары тууралуу маалымат айтылган эмес.

Бул эмгек чыккандан кийин 1960-жылы «Ала-Тоо» журналында резонанс туудурган чоң талкуу болуп, ал талкууга адабиятчы-окумуштуулар: Ж. Субанбеков, Н. Байтемиров, Т.Үмөталиев, К. Маликов, З. Кедрина, Дм. Брудный жана бир катар жалпы адабиятка кызыккан окурмандар катышып китептин ийгиликтери жана кемчилдиктери тууралуу пикирлерин айтышкан. Очерк тууралуу жазган сынчы Ш.Үмөталиевдин “Кайдыгер мамиленин натыйжасы” (1961-ж) деген макаласында мезилдештирүү принцибинин туура эместиги, портреттик маалыматтардын так жана толук эместиги тууралуу айтылган сын пикири негизинен туура. Себеби: ал мезилде белгилүү болуп калган жазуучулар А. Токтомушев, С. Сасыкбаев, У. Абдукаимов, Н. Байтемиров сыяктуу жазуучулардын чыгармачылыгы тууралуу айтылбаган.

Сынчы Ж. Субанбековдын айтымында «Очеркте» таланттуу драматург Т. Абдымомуновдун драмаларына көңүл бурулган эмес деген пикирине кошулууга болот. Китептин бул бөлүмчөсүндө К .Жантөшевдин «Эл ырчысы», «Бир сакалчан», Р.Шүкүрбековдун «Эки дос», «Жапалак Жатпасов», «Менин айлым», «Жашыл токой», Т. Абдымомуновдун «Тар капчыгай», «Борбаш» деген пьесалары кыргыз театрынын сахналарында коюлуп жатканы тууралуу жалпы гана маалымат берилип ал чыгармаларга талдоо жүргүзүлбөйт. [Кыргыз совет адабият тарыхынын очерки, [Текст ]. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1960. – 139-б.] К. Жантөшовдун, К. Маликовдун, А. Осмоновдун драмалары тууралуу учкай кеп козголсо дагы, согуштан кийинки драматургиянын өсүш тенденциясы, көркөмдүк маселелери аныкталып, тийиштүү илимий жыйынтыктар чыгарылбаган.

Китептеги жакшы иштелген бөлүм болуп К. Асаналиевдин Т. Сыдыкбеков тууралуу жазган бөлүмү эсептелинет. Биздин оюбузча автордун кандидаттык

диссертациясынын темасы Т.Сыдыкбеков болгондугу, анын изилдөөсүнүн тереңдигин шарттаган. «Кең-Суу», «Темир», «Биздин замандын кишилери», «Тоо арасында» («Кең-Суунун» жаңы редакциясы) романдары тууралуу сынчы К.Асаналиев илимий-теориялык багытта жогору баа берүү менен, чыгармалардын кемчилдиктерин да белгилеп көрсөткөн. Сынчынын: «Т. Сыдыкбековдун романдарындагы кемчилдиктердин бири – андагы аялдардын образы бир жактуу көрсөтүлгөндүгү. Адабияттын предмети адам болгондуктан, анын ички сезимдерин: жек көрүүсүн, сүйүүсүн ж.б.сапаттарын көргөзүү зарыл» деген автордун пикирине кошулабыз [Кыргыз совет адабият адабият тарыхынын очерки, [Текст] – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1960,–127-б]. Т.Үмөталиевге арналган бөлүмдө бир катар адилеттүү пикирлер бар. Акындын чыгармачылык өзгөчөлүгүн сынчы Ш.Үмөталиев эң сонун ачып берген: «Поэзиясынын өзгөчөлүгү – жүрөктү кытыгылаган темпераменттүүлүгү, образдардын поэтикалуулугу. Каармандардын ички сезимин аңтара сүрөттөө менен сезимге сезим кошуу Темиркулдун жаркыраган поэзиясынын оригиналдуулугун түзөт» [Үмөталиев Ш, Кыргыз совет адабиятынын тарыхы ушундайбы? [Текст] Ш.Үмөталиев. // Ала-Тоо. – 1961. – № 3. –100-б]-деген. Ошол эле учурда Т.Үмөталиевдин лирикаларында кургак сыпатоо, декларативдүүлүкө жол берилген учурлар да жок эмес. Биздин оюбузча, автор алар боюнча үн катпайт. Эмгекте акындын чыгармаларына бир жактуу мамиле жасалгандыгы ачык эле байкалат.

Тилекке каршы "Очерктеги" А.Осмоновго арналган бөлүмдө да З.Мамытбеков акындын чыгармачылык ийгилигин ар тараптан ойдогудай ачып бере алган эмес. Бул пикирибизди окумуштуу Дм. Брудный да ырастайт: «Главный недостаток главы в ее декларативности и неумении строить анализ произведении» [Брудный Дм. История кыргызской литературы, [Текст]/ Дм. Брудный // Сов. Киргизия. – 1961. – 21-февраль.].

«Историядагы» 1930-жылдардагы прозада М. Элебаевдин «Узак жол», Т.Сыдыкбековдун «Кең-Суу», А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк», «Днестр терең деңизге куят», «Күүнүн сыры», К. Жантөшевдин «Каныбек» өңдүү чыгармаларына анализ жүргүзүлөт. Мында «ошол мезгилдеги поэзия кенен сөзгө алынып, кыргыз адабияты менен башка элдердин адабияттарынын ортосундагы карым-катыш маселелери иликтенген.

**3.2. «Кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде берилиши» деп аталат.**

Бул бөлүмдө биздин көңүлүбүздү бурган окуу китептери тууралуу сөз болот. Ал окуу китептеринде кыргыз адабиятынын жалпы тарыхы кандайча чагылдырылды ушул тууралуу иликтөө жүргүзүлөт.

Окумуштуу К.Артыкбаев тарабынан жеке автордун изилдөөсүнүн натыйжасында «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982-жылы) жарыкка чыккан. К. Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» окуу китеби жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттерине арналып жазылган. Бул китепте кыргыз совет адабиятынын жарым кылымдан ашуун мезгилди басып өткөн жетишкен ийгиликтери окуу программасына ылайыкталып жазылган. Адегенде, мезгилдештирүү принцибине ылайык жалпы баяндамаларда кыргыз адабиятынын өнүгүшүн чагылдырган обзордук багыттагы поэзия, проза, драматургия болуп өз ирээтинен бузулбай берилген, учурдун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырган маалыматтар берилген. Андан кийин 19 жазуучунун жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн иликтөө менен алардын кыргыз совет адабиятындагы оордун тастыктоого аракеттенген. Окуу китебинин талабына ылайык автор илимий пикирлерге таянуу менен жазылган. Окуу китебинде мурдатан аталып келаткан авторлордон сырткары адабиятыбызда азыраак белгилүү, бирок, анын калыптануусунда өз салымдарын кошкон Мукаш Түлөгабылов, Орозакун Элепесов, Байсерке Калпаков, Исамудин Кудайбергенов, Зыйна Элепесова, Сыдык Карачев, Касым Тыныстанов сыяктуу бир топ акындар тууралуу жаңы маалыматтар берилет [Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы [Текст] К. Артыкбаев. – Фрунзе, Мектеп, 1982. – 24-б.]. К.Артыкбаев алгачкылардан болуп, бул авторлорго маани берип, аларды тарыхка

киргизиши китептин ийгилигин арттырып турат. К. Артыкбаевдин китебинин башка «тарыхтардан» айырмасы «Кыргыз совет адабиятында социалисттик реализмдин калыптанышы» деп аталган аталыштын астында социалисттик реализмдин калыптануу мезгилиндеги адабий процесске токтолгонунда турат. Кыргыз адабиятындагы социалисттик реализмдин пайда болушу, калыптанышы жөнүндөгү маселелер – талашсыз адабиятыбыздын тарыхында сөзсүз карала турган маселелер.

К. Артыкбаевде болсо 30-жылдардагы кыргыз поэзиясындагы жаңы ысымдар боюнча кабар берилип, алардын чыгармачылыктарына конкреттүү анализ жасалган, ошонусу менен 30-жылдардагы адабияттын тарыхына маанилүү толуктоолор киргизилген. Дагы бир окумуштуу К. Иманалиевдин «Кыргыз совет адабияты» (1988-ж) китеби педагогикалык орто окуу жайларынын окуучулары үчүн жазылган. Бул окуу китебин жазууда К. Артыкбаевдин «Тарыхы» жетекчиликке алынгандай. Окумуштуу бул туурасында өзү да эскерип кетет. Андагы обзордук бөлүмдөр К. Артыкбаевдин тарыхына окшош жазылган, эч кандай өзгөрүү жок. Балким бул окуу китебине коюлуучу талаптардын окшоштугу менен түшүндүрүлөт [Иманалиев, К. Кыргыз совет адабияты [Текст] / К. Иманалиев. – Фрунзе, 1988. – 1-бөлум. – 6-б.].

К. Артыкбаевдин окуу китебинде согуштан кийинки учурдагы кыргыз адабий сыны, адабият таануусу, көркөм котормосу да каралган. Китепте адабияттын бүтүндөй тарыхы каралып жаткандыктан, көркөм сын, адабият таануу илиминин ал-абалы, өсүшү, кемчилиги, дегеле анда болуп жаткан процесстер, алардын динамикасы берилгени да биздин пикирибизче толук мыйзамченемдүү.

Башка тарыхтардан айырмаланып кыргыз адабиятынын таланттуу өкүлдөрү К.Жусупов, М.Гапаров, М.Мураталиев, С.Жетимишев, Ө.Даникеев, А.Стамов, К.Акматов, М.Байжиев, Ш.Абдраманов өңдүү жазуучулардын көркөм табылгалары, азыркы кыргыз адабиятындагы орду, ийгиликтери менен бөксөлүктөрү биринчилерден талдоого алынган. Бул маселени К.Артыкбаев учурунда туура байкаган. К.Артыкбаевдин обзордук бөлүмдөрүндө коомдук адабий шарт, адабий жаңылыктар ырааттуулук менен баяндалып, ошол мезгилде жазылган чыгармалардын орчундуулары талдоого алынган. Ал эми К. Иманалиевде обзордук бөлүмдөр негизинен К. Артыкбаевдеги принциптерге таянат жана кайталайт.

К.Артыкбаев акын А. Осмоновду өзгөчө эригүү менен жазгандыгын көрдүк. Акындын фольклордон алып, өзүнүн новаторлугунун далили катары жараткан чыгармаларын талдоого алынып, автордун Алыкулду Алыкул кылып турган, кыргыз поэзиясынын берметтери катары эсептелүүчү өмүр, өлүм, турмуш, мезгил, адам жөнүндөгү философиялык ырларын жана «Отуз жаш», «Табигат менен музыка», «Замандашыма», «Адамга», «Алданба» жана башка ушул темадагы ырларына токтолуп, «Отуз жаш» ырынын идеялык-көркөмдүк жетишкендигин, эстетикалык бийиктигин ачып берген. А. Осмоновдун драматургияда жемиштүү эмгектенип, айрым ийгиликтерге ээ болгондугу белгилүү. К. Артыкбаев А. Осмоновдун драмаларына кеңири талдоолорду жүргүзгөн. К. Артыкбаевдин китебинде кыска, так, конкреттүү фактыларды, маалыматтарды келтирип, чыгармаларына да ушундай критерийден туруп анализ жүргүзөт.

Адабиятчы-окумуштуу К. Артыкбаев 2004-жылы «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» китебин жарыкка чыгарды. Китеп – акын-жазуучулардын чыгармачылыгы боюнча 31 портреттик бөлүмдү камтыган жана мезгилдин талабына жараша иликтөөгө алган мурдагы окуу китебин толуктап, байыткан барандуу эмгек. Бул эмгек тууралуу келечекте айтылчу сөздөр арбын изилдене турган, тактала турган маселелер да көп.

**III бап боюнча кыскача корутунду.**

Бул бапта 60 – 70-жылдардагы адабияттын тарыхы боюнча жазылган эмгектердеги адабий процессти изилдөөдөгү ийгилик, кемчилдиктерди иликтедик. Бул мезгилдерде кыргыз филологиясында окумуштуулардын саны көбөйүп, атайын академиялык

даярдыктардан өткөн, адистешкен тарыхчылардын илимге келиши менен кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөө ишинде ийгиликтүү иштер жасалгандыгын көрдүк. Адабиятчылар Б. Керимжанова, К. Асаналиев, А. Садыков, К. Бобулов, Р. Кыдырбаева, Ш.Үмөталиев тарабынан бул жылдары акын-жазуучулардын чыгармачылыктарын монографиялык мүнөздө изилдениши да, «тарыхтын» жазылышына оң таасир этет. Ошону менен бирге, фундаменталдуу изилдөөлөр да жарык көрдү. Кыргыз ССР илимдер академиясынын тил жана адабият институтунун коллективи тарабынан жазылып, Т.Сыдыкбековдун башкы редакторлугунда «Кыргыз совет адабиятынын очерки» (1960), История киргизской советской литературы (1970) жарык көрүп, биринчи жолу кыргыз совет адабиятынын өнүгүшү мезгилдештирилип, ар бир мезгилдеги адабий түрлөрдүн өнүгүшү жалпыланып, системалаштырылып каралган. Улуттук адабиятыбыз жөнүндөгү эмгектин орус тилинде чыгышы бул өз учурунда эң маанилүү болгон. Анткени орус тили аркылуу СССРдин курамындагы мамлекеттерге, андан өтүп чет элдиктерге тарап, эмгектин географиялык алкагы кеңейип, кыргыз адабиятынын тарыхын таанытууда зор эмгек жасалган. Москвадан 1970-жылы чыккан «История киргизской советской литературы», «К. Артыкбаевдин Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982), К. Иманалиевдин «Кыргыз адабияты» (1988)аттуу «тарых» окуу китебинде адегенде обзордук материалдар, улуттук кыргыз адабиятынын алгачкы калыптануу мезгилиндеги проза, поэзия, драматургия жанрындагы ийгиликтери  жана акын жазуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүкөтөрүнө баа берилет. «Историяда» 4 жазуучу А.Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, А. Осмонов, Ч. Айтматовдун жана дунган адабиятынын өкүлү Ясыр Шивазанын чыгармачылык портреттерине гана токтолуп, чыгармачылыктагы ийгилик кемчилдиктери көрсөтүлгөн. Обзордук материалдардын жана портреттик бөлүмдөрдүн жайгаштыруу боюнча айырмачылыктардын  боло тургандыгы мыйзамченемдүү көрүнүш. Ошондой эле окуу китептеринде окуу программасына ылайык поэзия, проза, драматургия ар тараптуу талданып, жалпылык, ийгиликтери улуттук адабият таануубузда маанилүү эмгек катары өз орду бар экени  чындык. Окуу китептеринин ичинен К. Артыкбаев улуттук кыргыз адабиятынын тарыхын 40-80-жылдарга чейинки өнүгүү жолдорун 19 жазуучунун портретти жаңыча идеялык-көркөмдүк изденүүлөрдөгү табылгалары, этаптуу учурлар илимий негизде талданган.

**Жыйынтык**

Улуттук адабият таануу илимибиздеги кыргыз адабиятынын тарыхын 1940– 1980-жылдар аралыгында системага салып, илимий изилдөө иштерин жүргүзүүнүн эволюциялык жана динамикалык изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келдик.

1. Кыргыз адабиятынын жаралып,калыптанган алгачкы учур, 20-30-жылдарда жетишилген ийгилик-кемчилдиктер тууралуу алгач обзордук макалалар жарык көргөн. Бул ишке алгач аралашып адабият майданындагы жаңылыктарды, ийгиликтерди биринчилерден болуп кыргыз журтчулугуна тааныштырууга аракет кылган акын-жазуучуларыбыздын макалалары изилдөөбүздүн негизги багыт берүүчү булагы болуп берген. Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдө алгачкы кадамдарын таштаган А.Токомбаев, Т.Үмөталиев, Ө.Жакишев М.Элебаев, К.Рахматуллиндердин илимий сыпаттама макалаларында чагылдырылып ошол мезгилдеги кыргыз адабиятында кадам таштаган алгачкы акын-жазуучуларыбыздын ийгилик, кемчилдиктерин илимий талдоого аракет кылгандыгын көрдүк. Бул изилдөөчүлөр адабиятыбыздын тарыхын изилөөдөгү алгачкы карлыгачтар болушкан десек жаңылышпайбыз.

2. Алгач улуттук адабият таануу илимибизде 1940-50-жылдар аралыгында «Кыргыз адабиятынын очерктери» (1943-ж), жарык көрүп, кыргыз окурмандарына чон сүйүнүч алып келген. Бул китеп– алгачкы кадам катары кыргыз фольклору менен жазма адабиятыбыздын материалдарын биринчи жолу системага салып, биринчи жолу илимий иликтөө ишин колго алган эмгек. Эмгектин III бөлүмү адабиятчы К. Рахматуллин тарабынан жазылып, бул бөлүмдө кыргыз адабиятынын алгачкы муундагы акын-

жазуучуларыбыздын чыгармаларын илимий талдоого алган. Адабияттын тарыхы боюнча жазылган бул алгачкы эмгектен К. Рахматуллин ошол мезгилде акын-жазуучу катары коомчулукка кеңири таанылып калган А.Токомбаев, М.Токобаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, Т.Сыдыкбеков, Т.Үмөталиев сыяктуу акын-жазуучулардын чыгармачылыгына жана чыгармаларына токтолуп, алардын чыгармаларынын негизгилерине биринчилерден болуп адабий анализ жүргүзгөн.

К. Рахматуллин, М.Богданова, Б. Керимжановалардын чыгармаларга карата жасаган анализдери авторлордун илимий-теориялык даярдыгы жетиштүү болгондугунан кабарлайт. Ошондой болсо да адабиятчылар мүмкүн болушунча 30 – 40-жылдардагы адабий өнүгүүнүн негизги этабынын картинасын түзүп беришкен.

3.1960 – 1970-жылдарда кыргыз адабиятынын тарыхы, анын теориялык жана илимий маселелери, жанрлардын өнүгүү процесси, жеке жазуучулардын чыгармачылык лабараториясы изилденип, илимий жаңы сапаттык деңгээлги көтөрүлгөн. Бул жылдары тарых атайын адистиги, даярдыгы бар профессионал адабиятчылар тарабынан К. Асаналиев, А. Садыков, М. Борбугулов Б. Керимжанова, Ш. Үмөталиев, Б. Маленов, К.Укаев, М. Борбугулов, К. Бобулов, Е. Озмитель, С. Жигитов, К. Артыкбаев, М.Түлөкабылов жана башкалар тарабынан очерк, монографиялык эмгектер катары жазылган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерктери» (1960-ж), орус тилинде «История киргизской советской литературы. (1970-ж), деген эмгектердин жарыкка чыгышы менен кыргыз адабиятынын тарыхын системалуу изилдөө иши башталып оң, терс көз караштагы сындар жаралып коомчулукта илимий талкуулар жаралган.

Кыргыз адабиятында жазуучулардын жеке чыгармачылык портреттерин берүүдөгү жалпылык жана айырмачылыктарын аныктоодо, баардык тарых китептериндеги берилен маалыматтар ар түрдүү аспектиде салыштырып каралгандыгы жана ар бир изилдөөчүнүн жеке өзүнө тиешелүү, оргиналдуу талдоолору менен айырмаланып тургандыгын көрдүк. 60-70-жылдарда жарык көргөн кыргыз адабиятынын тарыхын изилдеген эмгектерде кыргыз адабиятынын каймактары болгон А.Токомбаев, М.Токобаев, К. Баялинов, Т. Сыдыкбеков, Ж.Турусбеков, К. Маликов, Ж. Бөкөнбаев, К.Жантөшев, М.Элебаев сыяктуу акын-жазуучулардын чыгармачылык портреттери ыр, аңгеме, роман, повесттеринин жанрдык, тематикалык, көркөмдүк-идеялык, өзгөчөлүктөрүнө, ийгилик-кемчиликтерине негизинен обьективдүү баа берүү менен карама-каршылыктуу көз караштар да кездешет. Белгиленген маселелер диссертацияда кеңири талдоолор менен көрсөтүлөт.

Биздин көңүлдү бурган эмгектердин ичинде “Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки” (1960) китебидеги обзордук бөлүм, кыргыз адабиятындагы жанрлардын өсүп-өнүгүү этаптары, мезгилдештирүү принциби боюнча резонанс жараткан талкуунун болгондугу. “Очерктин” обзордук бөлүмүн жазган Ж.Таштемировдун ийгилик-кемчилдиктерине туура баа берилип, сынчынын жаңылыгы «Балдар адабияты» жана «Адабий сын» деген бөлүмү менен айырмаланган. «История киргизской советской литературы” (1970) атуу китебиндеги обзордук бөлүм окумуштуу Б. Керимжанова тарабынан жазылып илимий теориялык деңгээли жагынан жогору турат. “Тарыхтарда” жазуучулардын чыгармачылык портреттерин берүүдөгү жалпылыктар жана айырмачылыктар «История киргизской советской литературы” (1970) китебинде жазуучулардын чыгармачылык портретин чагылдырууда 4 гана жазуучунун портрети тууралуу маалымат берилет. А.Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, А. Осмонов, Ч. Айтматов жана дунган адабиятынын көрүнүктүү өкүлү Ясыр Шивазанын өмүрү чыгармчылыгы биринчи жолу изилденгендиги менен айырмаланып турат.

4. 1980-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхынын өнүгүш этабын илимий изилдеген «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982) окуу китебинде жазма профессионал адабияттын башатында К.Тыныстанов, А.Токомбаевдер менен бир катарда Мукаш Түлөкабылов, Орозакун Элепесов, Байсерке Калпаков, Исамидин Кудайбергенов, Зыйна Элепесова, Сыдык Карачевдин ысымдары туура тургандыгына К.Артыкбаевдин адабияттын тарыхчысы катары 1-жолу көңүл буруп, алардын чыгармаларына токтолот.

К.Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982) китебинде 19 портрет берилет. Башкалардан айырмалуу окуу китебинде М.Токобаевдин портрети биринчи жолу киргизилип, чыгармачылыгы кең – кесири талданган. К. Артыкбаевдин окуу китебинде берилген бардык портреттер зарылдыгына жараша толук берилген, жазуучулардын негизги чыгармаларына анализ жасалып, ийгиликтери, кемчиликтери аныкталат. Акын-жазуучулардын кыргыз адабиятындагы ээлеген орду, салмактары боюнча да олуттуу пикир айтылган. Ал эми К. Иманалиевдин окуу куралында болсо, К. Артыкбаевдин айткандарынан башка эч бир жаңы пикирди кездештирген жокпуз. К. Артыкбаевден көчүрүлүп жазылгандай элес калтырат. К. Артыкбаевдин окуу китеби 80-жылдарга чейинки улуттук адабияттын тарыхын толук кандуу чагылдырган кыргыз адабият таануу илиминдеги олуттуу эмгектер экенине изилдөөбүздүн жүрүшүндө толук ынандык. Жогорку аталган эмгектер бири-бирин толуктап, байытып турган эң баалуу эмгектер десек болот. Бул эмгектер кыргыз адабият таануу илиминин жаңы илимий деңгээлинин көрсөткүчү катары көптөгөн жылдар бою кызмат кылат жана бул багыттагы жаңы изилдөөлөргө мыкты илимий-теориялык, практикалык– методологиялык жана методикалык таяныч болуп берет деп ойлойбуз.

**Практикалык сунуштар**

Диссертацияда алынган илимий натыйжалар кыргыз адабият таануусунун өнүгүшү боюнча, тактап айтканда, кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча бардык иштерди анализдеп чыгуу мүмкүн эмес. Келечекте бул багыттагы иштерди өркүндөтүп алдыга жылдыруу үчүн төмөндөгү багыттагы иштерди жүргүзүү сунушталат:

1. Жаңы муундагы адабияттын тарыхы боюнча профессор О.Ибраимовдун орус тилинде чыккан История кыргызской литературы XX века 2 томдон турган (2014) эмгеги бүгүнкү күндө изилдөөнү талап кылат.
2. Келечекте бул китеп кыргыз тилинде жарык көрсө, кыргыз окурмандары үчүн жана филолология факултетинин студенттери үчүн эң сонун, керектүү окуу куралы болмок.
3. 80-жылдардан бүгүнкү күнгө чейинки кыргыз адабиятынын өнүгүш этаптары боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң ыракмат!

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д., профессор Байгазиев С.О.:**

– Баяндама бүттү. Анда диссертациялык иш боюнча суроолор болсо, бериңиздер.

**Мамбеталиев К.И., ф.и.д.:** Диссертациялык иш боюнча Айтпаева Гүлнара Амановна эмне деген тыянак чыгарыптыр?

**Изденүүчү Сагидаева С.А.:** Суроонузга рахмат, Айтпаева Гүлнара Амановна мындай деп жазыптыр. Эмне үчүн М.Элебаевдин “Узак жол” деген чыгармасы эмне үчүн повесть? Анткени эң биринчи Рахматуллин бул чыгарманы повесть деп берген экен да. Азыркы мезгилде биз “Узак жолду” роман катары таанып билип, роман деп айтып жатпайбызбы. Анан эмне үчүн повесть деп жазып койгонсуң? – дейт. Муну мен өз ишимде талдап көргөзүп жазып бердим. Бул роман. Анткени бул чыгарманын кийин уландысы бар болчу да.

**Мамбеталиев К.И., ф.и.д.:** Эмне үчүн анда повесть деп талашып жатасың анда?

**Изденүүчү Сагидаева С.А.:** Анткени Рахматуллин өз мезгилинде повесть деп жазып койгон.

**Мамбеталиев К.И., ф.и.д.:** Жалпы теориянын негизинде талдаса болбойбу?

**Изденүүчү Сагидаева С.А.:** Көпчүлүк адабиятчылардын пикиринде роман деп берилет экен. Артыкбаевдин, Асаналиевдин роман деп берилет. Ал эми Рахматуллин менен Богдановanын талдоосунда повесть деп берилип калган. Анткени ошол мезгилде бул чыгарма жаңы изилденип жаткандыктан ошол учурдун көз карашы менен Рахматуллин деле повесть деп койсо керек бул чыгарманы.

Андан кийин Айтпаева Гүлнара Амановна эмне үчүн Артыкбаевди эле мактай бересиң деген суроо жазыптыр. Чын эле кайрадан карап чыктым. Ал эми Эркебаев деле Артыкбаевди өзү деле мактаптыр. 1982-жылы чыккан "Кыргыз адабитынын тарыхында" фактографияга көбүрөөк токтолгон деген. Бул жакшы. Анткени фактылык материалдар көп, жыш берилген деп айткан экен. Андан кийин илимий теориялык деңгээли жагынан бул биринчи, жалгыз изилдеп жаткан окумуштуунун жогорку деңгээлдеги эмгеги. Окуу китеби, окуу куралы катары айтылган. Анткени, студенттер үчүн эң керектүү маалымат. Кемчилдик жактары катары мезгилдештирүү принцибин орус адабиятынан көчүрүп алган деп айткан Эркебаев. Агайдын бул пикирине мен кошулам. Мисалы, менин көз карашымда Эркебаевдин кээ бир айткан пикирлери туура. Анткени, факты-материалдар Артыкбаевдин китебинде аябай көп. Андай факты-материалдарды эч кимибиз таба албайбыз. Ар бир портретти, ар бир жазуучунун чыгармачылыгына жакшы токтолгон.

**Мамбеталиев К.И., ф.и.д.:** Артыкбаев агай ушунун негизинде докторский жактаганын билесизби?

**Изденүүчү Сагидаева С.А.:** Ооба, анткени аябай чоң талкуу, дискуссия болгон экен. Ошондо Артыкбаев өзү дагы ошол дискуссияга жооп жазыптыр. Ошол Артыкбаевдин жообун да архивдик материалдардан таап алдым. 70-жылдардагы Москвадан "История кыргызской литературы" деген китеп чыкпадыбы. Ошол 70-жылы чыккан история менен Артыкбаев өзү портреттик, факты материалдарды салыштырып, мен кандай деңгээлде бердим, буларды кантип салыштырдым деп анализдеп чыккан. Москвадан чыккан китепте 5 эле портрет берилсе, Артыкбаевдин китебинде 19 портрет берилди.

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д., профессор Байгазиев С.О:**

– Эми суроолор бүткөн болсо, эксперттик комиссияга сөз берилет:

**Эксперттик комиссиянын төрагасы Айтпаева Г.А.:** Изденүүчү Сагидаева Салтанат Ариповнанын "**Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40–80-жылдар)** аттуу темадагы 10.01.01 – кыргыз адабият адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин алдындагы филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.10.18.575 Диссертациялык кеңешинин алдында түзүлгөн эксперттик комиссиясынын бүтүмү.

Эксперттик комиссиянын төрагасы – ф.и.д. Айтпаева Г.А.;
Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү – ф.и.д. Исаков К.А.;
ф.и.к. Жантаев А.С.

Диссертациялык ишти бардык жоболорго ылайык карап чыктык. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого укук берген адистикке дал келет. Максаты, милдети, предмети, обьектиси баары каралды.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, К. Карасаев атындагы бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.10.18.575 Ведомстволор аралык Диссертациялык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "**Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40–80-жылдар)** аттуу кандидаттык диссертациялык иши жөнүндөгү отурумдун бүтүмү бекитилсин.

2. Жогорудагы диссертациялык ишке расмий оппоненттер катары филология илимдеринин доктору, доцент **Кадырманбетова Айнура Күмөновна**, филология

илимдеринин кандидаты **Устабаева Гүлнар Карыпбековна**, ал эми жетектөөчү мекеме катары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана окутуунун технологиялары кафедрасы бекитилсин.

3. "**Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40–80-жылдар)** аттуу темадагы 10. 01. 01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган эмгеги Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

4. "**Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40–80-жылдар)** аттуу темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча кандидаттык диссертациялык ишин коргоо мөөнөтү жаңы диссертациялык кеңештин курамы бекитилгенден кийин жумушчу тартипте такталып, белгиленсин.

Диссертациялык кеңештин төрагасы,
филология илимдеринин доктору,
профессор Байгазиев С.О.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу
катчысы, ф.и.к. Ыйсаева Н.Т.